**«М. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ» ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ЭКОНОМИКА ИЛИМИЙ ИЗИЛДОО ИНСТИТУТУ**

| | |
|---|---|
| БЕКИТЕМИН | КАРАЛДЫ |
| Илимий изилдөө Институтунун директору | Аймактар изилдөөлөр бөлүмүнүн отурумунда Протокол № 2 |
| ____________Б.И.Баетов | “3” [illegible] 2025ж. |
| “___”___________2025ж. | ____________ |

**КАНДИДАТТЫК ЭКЗАМЕНДИН ПРОГРАММАСЫ**

**08.00.06-улуттук жана аймактык экономика**

**Жамалов Шүкүрали Абдыкарович**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАЖЫ КОНТОЛУН УЮШТУРУУ-ЭКОНОМИКАЛЫК МЕХАНИЗМИН ӨРКҮНДӨТҮҮ**

**Бишкек 2025**

## Киришүү

Кандидаттык экзамен илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. 08.00.06–улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча кандидаттык экзамендин максаты диссертациялык изилдөөнү даярдоонун акыркы этабында аспиранттардын жана абитуриенттердин теориялык жана методологиялык даярдыгынын деңгээлин баалоо болуп саналат.

Атайын дисциплиналар боюнча кандидаттык экзамендин тапшырмалары. Илимий даражага талапкердин кесиптик билиминин тереңдигин, кандидаттык минимум экзаменинде өз алдынча илимий-изилдөө иштерине даярдыгынын деңгээлин белгилөө үчүн аспирант (талапкер) экономика илиминин категориялык негизги теорияларын жана концепцияларды билүүсүн көрсөтүшү керек,

Рынок маалында тышкы соода экономикалык байланыштардын өсүшү, бажы контролун талаптагыдай уюштуруу жана колдоо мамлекетибиздин орчундуу маселелеринен болуп калды. Канчалык тышкы соода экономикалык мамилелер жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен жогорку деңгээлдеги иш аракеттер, карым-катнаштар жүргүзүлсө, товарлардын агымынын ылдамдыгы жогорулап бажы салымдары көбөйүп, мамлекеттик бюжеттин киреше бөлүгүн толтурууга жол ачат.

Ошол эле учурда бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмдерин жакшыртуу азыркы талаптарга толук жооп бербегендиктен, аткезчилик жана башка мыйзам бузуулар орун алууда жана товар айлантууда эл аралык талаптарды, стандарттарды аткарууда деңгээли жетишсиз бойдон калууда. Бул тышкы соода экономикалык ишмердиктин катышуучулары жана ички товар өндүрүүчүлөр менен бирге мамлекет үчүн да терс таасирин тийгизет.

Атайын дисциплина боюнча кандидаттык экзамендин программасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы №12 Жарлыгы менен бекитилген илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндо жобого ылайык 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистик паспортунун негизинде иштелип чыккан.

## ПРОГРАММА МИНИМУМДУН МАЗМУНУ

**Биринчи бөлүм. БАЖЫ КОНТРОЛУН УЮШТУРУУ ЭКОНОМИКАЛЫК МЕХАНИЗИМДЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ.**

Рынок маалында тышкы соода экономикалык байланыштардын өсүшү, бажы контролун талаптагыдай уюштуруу жана колдоо мамлекетибиздин орчундуу маселелеринен болуп калды. Канчалык тышкы соодада экономикалык мамилелер жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен жогорку деңгээлдеги иш аракеттер, карым-катнаш жүргүзүлсө, товарлардын агымынын ылдамдыгы жогорулап бажы салымдары көбөйүп, мамлекеттик бюжеттин киреше бөлүгүн толтурууга жол ачат.

Теоретикалык жактан негиздөө максатында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн натыйжалуулугун көтөрүү боюнча практикалык сунуштардын зарылчылыгынан илимий талдоо жүргүзүү, тиешелүү жыйынтык чыгыруу диссертациялык иштин темасынын кыйла актуалдуу жана учур талабынын негизги маселеси экендиги аныкталды.

Изилдөөнүн мааниси бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн өнүгүү талаптарын жана укуктук ченемдерин өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды жана алардын өнүгүшүнүн эфективдүүлүгүн жогорулатууну иш жүзүнө колдонулуусу мүмкүн экендигинде турат.

**Экинчи бөлүм. БАЖЫ КӨЗӨМӨЛҮНҮН ШАРТЫНДА ТЫШКЫ СООДАНЫН ОНҮГҮҮСҮ.**

Кыргыз Республикасында товарлардын тышкы жана өз ара соодасынын негизги көрсөткүчтөрүн талдоо жүгүзсөк тескерисинче өндүрүгөн товарды экспорттодо солгун иштер болуп жатканын, импорттук товарларга мамлекетибиз дагы эле болсо көз каранды экенин баамдасак болот.

Мамлекеттик бажы кызматы Кыргыз Республикабасынын улуттук экономикалык коопсуздугун камсыз кылууда жана мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толтурууда эң негизги чон ролду ойнойт.

Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр менен соода жүгүртүүсү туруктуу оң тенденцияга ээ болгону менен импорттон келип түшкөн товарлардын баасы, экспорттолгон товарларга салыштырганда алда канча өсүүдө. Ошонун негизинде Соода балансынын сальдосу 2017 жылы минус 2730,47 АКШнын миллион доллары түзсө, 2022 жылы минус 7 442,4 АКШнын миллион доллары түздү. Изилдөө корсөткөндой Кыргыз Республикасында дүйно жүзүндөгү өлкөлөр менен соода жүгүртүүсүн негизги көрсөткүчтөрүрүн бири болгон соода балансынын тескери (минус) сальдосу жылдан жылга өсүүдө.

**Үчүнчү бөлүм. МАМЛЕКЕТТИК БАЖЫ КОНТРОЛУН УЮШТУРУУ ЭКОНОМИКАЛЫК МЕХАНИЗИМДЕРИН ОРКҮНДОТҮҮНҮН КЕЛЕЧЕГИ.**

Рыноктук шарттарда Евразиялык экономикалык биримдиктин түзүлүшү постсоветтик өлкөлөрдүн улуттук экономикасын өнүктүрүү үчүн жацы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Биримдикке кирүү, биринчиден, дүйнөлүк экономикалык кырдаалдын өзгөрүшүнө программалык камсыздоонун жалпы өнүгүшүн камсыздайт, экинчиден, бирдиктүү бажы мейкиндигинин соода-экономикалык кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн жигердүү экспорттук-импорттук саясатты жүргүзүү, үчүнчүдөн, бирдиктүү бажы мейкиндигин түзүү үчүн негиз түзөт.

Евразия экономикалык биримдигинин түзүлүшү менен рынокто эркин кыймылы бар өндүрүштүн кеңири таралган факторлорунун бири калыптанууда, ал маанилүү экономикалык потенциалга ээ, мамлекеттердин экономикалык жактан интенсивдүү өсүшүнө жетишүү үчүн, ал тышкы сооданы либералдаштыруу процессине жаңы дем берет жана мүчө мамлекеттерге өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү шарттарды түзөт.

Келчекте мамлекеттик бажы кызматы жогорку натыйжаларга жетишүү үчүн;

-бизнес процесстерин оптималдаштыруу жана жөнөкөйлөштүрүү;

- өткөрүү пункттарында өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

- заманбап санариптик технологияларды киргизүү;

- контрабандага каршы күрөштү күчөтүү чараларын көрүшү зарыл.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

### Мыйзам чыгаруу жана ченемдик укуктук актылар

1. Конституция Кыргызской Республики 5 мая 2021 г. https://cbd.minjust.gov.kg › 1-2 › edition.

2. Таможенный кодекс Кыргызской Республики от 31 декабря 2014 г. № 184.

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекс Бишкек шаары, 2016-жылдын 16-майы № 59.

4. 1995-жылы ноябрда Тажикстан Республикасынын Мажлиси Тажик Республикасынын Бажы кодекси жана «Бажы тарифтери жөнүндө» мыйзамы.

5. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2019-жылдын 24-апрели № 52 “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө”.

6. 1991-жылдын 31-декабрында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө Декларацияга, «Кыргыз Республикасынын “Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

7. Закон КР от 11 декабря 1991 года № 645-XII "О придании статуса Конституционного Закона Декларации о государственной таможенной службе.

8. Кыргыз Республикасынын 30-декабрындагы Мыйзамы, 2017-жылдын No 223 (28) 21. 2017-жылдын 11-апрелинде Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин Бажы келишими жөнүндө кодексин ратификациялоо тууралуу.

9. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө 2021-жылдын 11-августундагы № 98"Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу".

10. 2002-жылдын 1-февралында кол коюлган Өзбекстан Республикасынын «Өзбекистан Республикасынын Бажы кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № ЗРУ-748 Мыйзамы.

11. Кыргыз Республикасынын 30-декабрындагы Мыйзамы, 2017-жылдын No 223 (28) 2017-жылдын 11-апрелинде Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык бирлигинин Бажы келишими жөнүндө кодексин ратификациялоо тууралуу.

12. 2015-жылдын 21 майындагы № 111 Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

13. КР Президентинин № Жарлыгы 2040-жылга чейин “Таза Коом – 40 кадам”.

14. 2018 ж. 31 октябрындагы Президентинин № 221 Жарлыгы 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын.

15. 2018 ж. 31 октябрындагы Президентинин № 221 Жарлыгы 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын.

16. Указ Президента КР от 31 октября 2018 г. УП №221. «Национальная стратегия развития Кыргызской Республики».

17. ЕАЭБнин 2020-2025-жылдарга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары.

18. Конвенция о Гармонизированной системе описания и кодирования товаров (Заключена в Брюсселе 14 июня 1983 г.) // СПС «КонсультантПлюс»

19. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Кыргыз Республикасы 2018-жылдын 20-декабрындагы № 596. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын экспортун өнүктүрүү программасы.